Радиус 696300.00 км
Подробнее о планетах
ЛЕВ
Регул
Венера
Денебола
Меркурий
ЧАША
ВОРОН
Солнце


Венера
Факты и цифры
Сейчас
Машина Времени
Время
14 сент. 2022 г.
9:58:09
Прямое восхождение
10ч 51м 26.31с
Склонение
+8° 44' 57.9"
Азимут
+120° 06' 58.5"
Высота
+41° 06' 00.0"
Восход
6:09
Заход
19:16
Видимая звездная величина
-3.9
Угловой размер
0° 00' 09.9"
Расстояние до Земли
1.69 а. е.
Расстояние от Солнца
0.72 а. е.
Марс
Факты и цифры
Сейчас
Машина Времени
Время
14 сент. 2022 г.
10:35:01
Прямое восхождение
4ч 46м 25.74с
Склонение
+21° 17' 27.9"
Азимут
+267° 01' 16.4"
Высота
+36° 44' 58.4"
Восход
23:13
Заход
14:01
Видимая звездная величина
-0.3
Угловой размер
0° 00' 10.6"
Расстояние до Земли
0.88 а. е.
Расстояние от Солнца
1.43 а. е.


Полярная звезда
МАЛАЯ МЕДВЕДИЦА
ДРАКОН
Кохаб
Алиот
С
Отключить рекламу
МАЛАЯ МЕДВЕДИЦА
Кохаб
Дубхе
БОЛЬШАЯ МЕДВЕДИЦА
Алиот
С

## VIII.2 Лабораториялык иштердин корсотмолору.

*Зенит, надир, уюлдары кайда деп?*
*Сфераны колго алып көргүнүң.*
*Асман сырын салыштырып үйрөнүп,*
*Ааламга бир саякаттап келгиниң.*

### Асман сферасы жана асман координаталары

*Иштин максаты*: Stellarium тиркемесинин жардамы менен жарык чыгаруучулардын асмандагы абалын аныктоон өздөштүрүү.
*Иштин жабдылышы*: Stellarium тиркемеси, астрономия боюнча эсеп китеп.

### Иштин мазмуну.

1. Stellarium тиркемесинин негизги элементтерин окуп үйрөн жана анда жылдыздарды жайгаштырууну, экваториалдык сеткаларды коюууну үйрөн.
2. Stellarium тиркемесин пайдаланып, ар бир студент өзүнө тиешелүү зодиакалдык жылдызын таап, ал жылдыздын α- жана β – жылдыздары үчүн горизонталдык координаталарын Ош шаары үчүн аныктап, жарык чыгаруучунун абалын асман сферасынын моделинде көрүп, андан кийин асман сферасынын чиймесинде көрсөт.
3. Stellarium тиркемесин пайдаланып, ар бир студент өзүнө тиешелүү зодиакалдык жылдызын таап, ал жылдыздын α- жана β – жылдыздары үчүн экваториалдык координаталарын Ош шаары үчүн аныктап, жарык чыгаруучунун абалын асман сферасынын моделинде көрүп, андан кийин асман сферасынын чиймесинде көрсөт.
4. Stellarium тиркемесин пайдаланып, ар бир студент өзүнө тиешелүү зодиакалдык жылдызын таап, ал жылдыздын α- жылдызы үчүн жогорку кульминациядагы абалын Ош шаары үчүн аныктап, жарык чыгаруучунун абалын асман сферасынын моделинде көрүп, андан кийин асман сферасынын чиймесинде көрсөт.
5. Stellarium тиркемесин пайдаланып, өзүң тандап алган белгилүү бир жылдыздын бийиктик h, зенит аралык Z, азимут A координаталарынын өзгөргөнүн (жылдыздын суткалык кыймылы кезинде) өз алдынча байкап, байкоо дептериңде белгиле.Эсеп китептен төмөнкү маселелерди чыгар:

7. 1. 37, 112
2. 38, 113
3. 41, 114
4. 52, 116
5. 22, 117
6. 23, 118
7. 24, 127

*Түбөлүк от күйүп турган өчпөгөн,*
*Күнгө өзү тең келээри бар бекен.*

*Жылдыздарды чачып койгон асманга,*
*Ар бир жылдыз өз-өзүнчө Күнгө тең.*

## Жылдыздардын жана Күндүн көзгө көрүнгөн кыймылдары

*Иштин максаты*: Stellarium тиркемесинин жардамы менен жарык чыгаруучулардын асмандагы абалын аныктоон өздөштүрүү.
*Иштин жабдылышы*: Stellarium тиркемеси, астрономия боюнча эсеп китеп.

## Иштин мазмуну.

1. Stellarium тиркемесин пайдаланып, ар бир студент өзүнө тиешелүү зодиакалдык жылдыздын бийиктиктерин аныктоо
2. Төмөнкү шаарларда : Ленинград, Москва, Киев, Мурманск, Владивосток, Дели, Мехико, Баку жана Дубай батпоочу, аныкталган зодиакалдык жылдыздардын батпоочу, чыкпоочу жана батып чыгуучу болорун аныкта.
3. Төмөндөгү жылдыздардын: Альдеберан, Антарес, Вега, Алтын казык, Ригель, Толиман, Спика, Процион- мурдагы пункта көрсөтүлгөн шаарда жогорку кульминацияда горизонттон бийиктигин эсептеп, бул жылдыздын абалын асман сферасынын асман меридианынын тегиздигине түшүрүлгөн проекциясында көрсөт.
4. Stellarium тиркемесин пайдаланып студент туулган күнүндөгү Күндүн чак түштөгү бийиктигин аныктоо.
5. 2- пунктта көрсөтүлгөн шаарда 21- марта, 22- июнда, 23- сентябрда, 22- декабрда Күндүн чак түштөгү бийиктиги канчага барабар экенин эсепте жана Күндүн ошол абалдарын чиймеде көрсөт.
6. Күн эклиптика боюнча кыймылында асманда кайсы зодиакалдык жылдыз топтору аркылуу өтөрүн аныкта.

7. Төмөнкү маселелерди чыгар:
    1. 128, 191
    2. 127, 194
    3. 131, 195
    4. 132, 196
    5. 133, 201
    6. 134, 203
    7. 135, 204
    8. 115, 206

*Жек көрөм тыкылдаган саат үнүн,*
*Жеп жаткан өмүрүмдүн алтын Күнүн.*
*Убакытты ченөөнүн жол жобосун,*
*Ушул жерде бергенмин, үйрөн бүгүн.*

## Убакытты өлчөө принциптери

*Иштин максаты*: Stellarium тиркемесинин жардамы менен жарык чыгаруучулардын асмандагы абалын аныктоон өздөштүрүү.
*Иштин жабдылышы*: Stellarium тиркемеси, астрономия боюнча эсеп китеп.

## Иштин мазмуну.

1. Stellarium тиркемесинин жардамы менен Күндүн эклиптиканын төрт негизги чекиттеринен чыгуу, батуу, жогорку жана төмөнкү кульминацияларындагы жылдыздык убакытты аныкта.
2. 2020-2025-жылдардагы Ай тутулуу убактыларын Stellarium тиркемесинин жардамы менен аныкта 8. Төмөнкү маселелерди чыгар:

1. 139, 225, 245
2. 141, 226, 253
3. 142, 227, 254
4. 143, 228, 255
5. 144, 229, 256
6. 145, 230, 257
7. 150, 231, 258
8. 140, 223, 252

***Зенит менен азимутту колдонуп,***
***Жантаюну, сааттык бурчту тапканды.***
***Беш элемент формуласын чыгарып,***
***Үйрөнөсүн координатта жатканды.***

## Асман координаталарын өзгөртүп түзүү

*Иштин максаты*: Stellarium тиркемесинин жардамы менен жарык чыгаруучулардын асмандагы абалын аныктап координаталарын өзгөртүп түзүү.
*Иштин жабдылышы*: Stellarium тиркемеси, астрономия боюнча эсеп китеп.

## Иштин мазмуну.

1. Stellarium тиркемесинин пайдаланып өзүңдүн зодиакалдык жылдызыңдын α – жылдызын алып, анын горизонталдык координаталарын пайдаланып төмөнкү шаарлардагы экваториалдык координаталарын аныкта:

1. 20- февралда Ошто $22^{с}29^{м}2^{с}$да
2. 30- июнда Токиодо $23^{с}16^{м}42^{с}$да
3. 14- сентябрда Киевде $21^{с}02^{м}$ $49^{с}$да
4. 27- марта Астанада $3^{с}53^{м}20^{с}$да
5. 19- августа Дубайда $21^{с}13^{м}52^{с}$да
6. 23- апрелде Пекинде $2^{с}09^{м}$ $28^{с}$да
7. 30- январда Делиде $23^{с}40^{м}30^{с}$да
8. 10- мартта Москвада $20^{с}19^{м}20^{с}$да

3. Сабак өтүлүп жаткан күнү өзүңө тиешелүү планетанын экваториалдык координаталарын пайдаланып, эң жакшы байкалган датада саат 23 тө сен жашаган шаарда кандай бийиктикте, кандай азимутта экенин аныкта: 1. Меркурий, 2. Венера, 3. Марс, 4.Юпитер, 5. Сатурн, 6. Уран, 7. Нептун, 8. Плутон планеталары. 4. Төмөнкү маселелерди иште:

1. 84, 339
2. 85, 340
3. 86, 341
4. 87, 342
5. 88, 343
6. 89, 344
7. 75, 352
8. 95, 353.

***Түнкү асманда ар жеринен көрүнүп,***
***Бирде жапыз, бирде бийик бөлүнүп.***
***Жер айланат өз огунда бузулбай,***
***Аа, жылдыздар калган сымал тогулуп.***

## Жылдыздуу асмандын кыймылдуу картасы

*Иштин максаты*: Stellarium тиркемесинин жардамы менен жарык чыгаруучулардын асмандагы абалын аныктоону өздөштүрүү.
*Иштин жабдылышы*: Stellarium тиркемеси, астрономия боюнча эсеп китеп.

## Иштин мазмуну.

1. Stellarium тиркемесин пайдаланып жылдыздуу асмандын кыймылдуу картасын сабак өтүлүп жаткан күнгө жана саатка коюп асмандын чыгыш, батыш, түндүк, түштүк бөлүгүндө жана зенитте кайсыл жылдыз топтору бар экенин аныкта жана таблица түзүп дптериңе жаз.
2. Төмөнкү жылдыздардын сабак өтүлүп жаткан күнү чыгуу, жогорку кульминацияда болуу убакытын аныкта: 1. Вега, 2. Альдебаран, 3. Арктур, 4. Денеб, 5. Капелла, 6. Алголь, 7. Спика, 8. Регул.
3. Ошол эле жылдыздардын бир жылдын ичинде төмөнкү күндөрү: 21-мартта, 22- июнь, 23сентябрь, 22- декабрь, чыгуу, батуу учурлары кандай өзгөргөнүн аныкта.
4. 5. Күндүн эфемеридасын пайдаланып 21- март, 22-июнь, 23- сентябрь, 22- декабрда Күндүн чыгуу, батуу убактыларын, күндүн жана түндүн узактыгын аныкта.
6. Кыймылдуу картаны пайдаланыла турган кеңдикте, батпоочу, батуучу жана чыгуучу, чыкпоочу жылдыз топтору жайгашкан асман паралеллдерин аныкта.
7. Сен жашаган географиялык кеңдикте батпоочу жана чыгуучу, чыкпоочу жылдыздардын асман паралеллдеринин жантаюу координаталары кандай?

*Бири Жердей, бири газдан жаралган,*
*Күнду айланып, Планета деп каралган.*
*Меркурий, Венера, Жер, Марс, Юпитер,*
*Сатурн, Уран жана Нептун болуп таралган.*

## №7. Кеплердин закондорун лабораторияда текшерүү*

*Иштин максаты*: планеталардын көзгө байкалган кыймылы кандай болорун, бул кыймыл кандай түшүнүктөр менен мүнөздөлөрүн, планеталардын чыныгы кыймылдары кайсы закон ченемдүүлүктөрдүн жардамы менен сүрөттөлөрүн өздөштүрүү.

*Иштин жабдылышы*: Stellarium жана Star Walk2 тиркемелери, планеталардын эфемеридалары, жылдыз картасы, астрономиялык календарь.

### Иштин кыскача теориясы.

Күн системасында азыркы убакытта 8 чоң планета бар экени белгилүү. Байыркы убакта эле бул планеталардын көпчүлүгүнүн көзгө байкалган кыймылы кандай жүрөрү белгилүү болгон. Планеталардын ичинен Меркурий жана Венера (кыргыз эли бул планетаны Чолпон жылдыз деп койгон) төмөнкү планеталар деп, ал эми калгандарын ( Жерден башкасын ) жогорку планеталар деп атап коюшкан.

Төмөнкү планеталар асманда Күндөн өтө алыстабайт. Алар горизонтко жаңы эле батып кеткен Күндүн жанында асмандын батыш бөлүгүндө горизонттон бийик эмес абалда байкалгандан баштап улам горизонттон бийиктеп Күндөн алыстай берет, б. а. асман боюнча батыштан чыгышты көздөй кыймылда болот. Бул кыймыл планетанын түз кыймылы деп аталат. Ошентип кыймылдап отуруп планета Күндөн белгилүү бир максималдык бурчтук аралыкка жеткенде ( Меркурий үчүн 18-28$^{0}$) анын түз кыймылы токтойт. Планетанын ушул абалын чыгыш элонгация деп атайт. Андан кийин планета асман боюнча чыгыштан батышты көздөй Күнгө жакындап кыймылга келет, бул кыймылды планетанын кетенчиктөө кыймылы деп аталат.

Планета Күнгө улам тездеп жакындап отуруп акыры Күнгө жетип анын нурларына кирип көрүнбөй калат. Планетанын ушул абалы төмөнкү биригүү деп аталат. Белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин бул планета таңга маал асмандын чыгыш тарабында, чыгып келе жаткан Күндүн нурунда горизонттон анча бийик эмес абалда байкалат. Ошондон баштап планета кетенчиктөө кыймылын улантып Күндөн дагы алыстай баштайт, анан кыймыл ылдамдыгын азайтып отуруп акыры Күндөн белгилүү бурчтук аралыкка жеткенде токтойт. Планетанын ушул учурдагы абалы батыш элонгация деп аталат.

Андан кийин планета кайрадан батыштан чыгышты көздөй багытталган жана ылдамдыгы өсө берген кыймылга (түз кыймыл) келип Күнгө улам жакындай берет да акыры ага жетип анын нурларына кирип көрүнбөй калат. Планетанын бул абалын жогорку биригүү деп аталат. Белгилүү убакыт өткөндөн кийин планета кайрадан батышта, батып бараткан Күндүн нурунда көрүнөт жана жогоруда сүрөттөлгөн кыймыл кайталанат.

Жогорку планеталардын көзгө байкалган кыймылы төмөнкүдөй болот: планета батып бараткан Күндүн нурунда асмандын батыш тарабында анчалык бийик эмес абалда көрүнгөндөн баштап асман боюнча чыгышты көздөй кыймылдай баштайт. Планетанын кыймылынын ылдамдыгы Күндүн эклиптика боюнча кыймылынын ылдамдыгынан аз болгондуктан Күн планетаны кууп жетет да планета Күн менен кошо чыгып, кошо батып бир

топ убакыт бою көрүнбөй калат. Күн планетадан өтүп кеткенден кийин планета асмандын чыгыш жагында Күн чыгардын алдында горизонттон анча бийик эмес абалда көрүнөт. Планетанын кыймылынын ылдамдыгы улам азая берип акыры планета түз кыймылын токтотот да карама- каршы багытта, б. а. асман боюнча чыгыштан батышты көздөй кетенчиктөө кыймылына өтөт.

Кетенчиктөө кыймылы менен белгилүү аралыкты басып өткөндөн кийин, мисалы, Марс болжол менен $15^0$, Юпитер $10^0$, Сатурн $7^0$ (бул аралыктарды көрсөтүлгөн планеталар 79 сутка, 120 сутка жана 136 суткада басып өтүшөт) планета кайрадан түз кыймылга өтөт. Андан бир топ убакыт өткөндөн кийин Күн эклиптика боюнча кыймылында планетаны кууп жетип, андан кийин жогоруда айтылгандар кайра кайталанат. Демек жогорку планета көзгө байкалган кыймылында илмек сызганын көрөбүз.

Жогорку планета көрүнгөн багыт менен Күн көрүнгөн багыт дал келген учур планетанын Күн менен биригүүсү деп аталат, эгер бул эки багыттын ортосундагы бурч $90^0$ болсо бул абалды планетанын квадратурасы, а $180^0$ болсо планетанын Күнгө каршы туруусу деп коет. Жогорку планетада  асманда Күндөн чыгышыраак же батышыраак турганына жараша чыгыш квадратурада же батыш квадратурада деп аталат. Планеталардын жогоруда көрсөтүлгөн абалдары: жогорку биригүү, төмөнкү биригүү, чыгыш жана батыш элонгациялар, Күнгө биригүү, каршы туруу, чыгыш жана батыш квадратуралар - планеталардын конфигурациялары деп аталат. Байыркы убакта эле ар бир планетанын конфигурациялары белгилүү бир убакыттан кийин кайталанары аныкталган. Планетанын белгилүү бир конфигурациясынын удаалаш эки жолу байкалуусунун ортосундагы өткөн убакыт планетанын кыймылынын синодикалык мезгили деп аталат. Мисалы, Венера планетасынын синодикалык мезгили 584  суткага барабар.

Планеталардын көзгө байкалган кыймылын илимий негизде биринчи жолу Коперник түшүндүргөн: планеталар, алар менен бирге Жер да, Күндү айланып орбиталар боюнча кыймылдашат. Планета Күндөн канчалык алыс турса анын орбиталдык кыймылынын ылдамдыгы ошончолук аз болот. Меркурий жана Венера көзгө байкалган кыймылында Күндөн өтө алыстабагандыктан алардын орбитасы Жердин орбитасынан Күнгө жакын жайгашкан десе болот, калган планеталардын орбитасы Жердин орбитасынын сыртында жайгашкан. Марстын орбитасы Жерге эң жакын себеби Марстын көзгө байкалган кыймылынын ылдамдыгы калган жогорку планеталарга салыштырмалуу эң чоң, Юпитердин орбитасы андан кийин жайгашкан ж. б. планеталардын кофигурацияларын чиймеде төмөнкүдөй көрсөтсө болот (14- сүрөт).




14- сүрөт

Мында жогорку биригүү, төмөнкү биригүү, чыгыш жана батыш элонгациялар, чыгыш жана батыш квадратуралар жана каршы туру конфигуралциялары көрсөтүлгөн. Жогорку планетанын илмек сызуусу кандай себептен болору төмөнкү чиймеден ачык көрүнөт (15-сүрөт).



15- сүрөт

Планетанын орбита боюнча Күндү бир жолу алыскы зодиакалдык жылдыздарга салыштырмалуу айланып чыгуусуна кеткен убакыт планетанын кыймылынын сидерикалык мезгили (T) деп аталат. Жердин орбитасы боюнча Күндү айланып чыгуусуна кеткен убакыт ($T_0$) жылдыздык жыл деп аталат. Планетанын кыймылынын синодикалык жана сидерикалык мезгилдери жана жылдыздык жыл бири бири менен төмөнкүдөй байланышта болот: төмөнкү планеталар үчүн:

$$\frac{1}{S} = \frac{1}{T} - \frac{1}{T_0};$$

жогорку планеталар үчүн:

$$\frac{1}{S} = \frac{1}{T_0} - \frac{1}{T};$$

Бул барабардыктар синодикалык кыймылдын теңдемелери деп аталат.

Планеталардын Күндүн айланасындагы кыймылы Кеплердин закондору менен сүрөттөлөт.

Кеплердин биринчи закону: *Бардык планеталар бир фокусунда Күн жайгашкан (бардык планеталар үчүн жалпы) эллипстер боюнча кыймылдашат.*

Кеплердин экинчи закону: *Планетанын радиус- вектору бирдей убакыттарда бирдей аянттарды сызышат.*

Кеплердин учунчу закону: *Планеталардын Күндү айлануусунун сидерикалык мезгилдеринин квадраттары алардын эллиптикалык орбиталарынын чоң жарым окторунун кубдарындай катышат.*




16- сүрөт

Орбитанын Күнгө эң жакын чекити П- перигелий, эң алыс чекити- А афелий, a- орбитанын чоң жарым огу, r - планетанын радиус- вектору, q- перигелийдик аралык: q= a – c = a (1 - e)

Q- афелийдик аралык:

$$Q = a + c = a\,(1 + e)$$

мында e- орбитанын эксцентриситети.

Кеплердин 2- законунан планетанын орбиталдык кыймылынын ылдамдыгы тынымсыз өзгөрүп турары келип чыгат. Планетанын перигелийдик ылдамдыгы

$$\upsilon_q = \sqrt{\frac{1+e}{1-e}}\,\upsilon_{op}$$

афелийдик ылдамдыгы:

$$\upsilon_Q = \sqrt{\frac{1-e}{1+e}}\,\upsilon_{op}$$

мында $\upsilon_{op}$ -планетанын орбиталдык орточо ылдамдыгы:

$$\upsilon_{op} = \frac{2\pi a}{T}$$

Кеплердин 3- закону математикалык символдор менен төмөнкүдөй жазылат:

$$T_1^2 : T_2^2 = a_1^3 : a_2^3$$




Эгерде

2 3
1 1 1 1 ;

планеталардын орбиталарынын чоң жарым окторун Жерден Күнгө чейинки орточо аралык менен (астрономиялык бирдик) туюнтса, а айлануу мезгилдерди жыл менен туюнтса Кеплердин 3- закону

$$T = \sqrt{[illegible]^3}$$

деп жазылат. Ньютондун толуктоосунан кийин Кеплердин 3- закону төмөнкүдөй жазылат:

$$T^2 (M [illegible] m) [illegible]^3$$

$$T_2 (M_2 [illegible] m_2) [illegible]_2$$

Бул формуланы $M_1$, $M_2$ массалуу эки планета жана алардын $m_1$, $m_2$ массалуу жандоочуларынын планеталарды айлануу мезгилдери $T_1$, $T_2$ жана орбиталарынын чоң жарым октору $a_1$, $a_2$ болгон учур үчүн пайдаланган оң.

## Иштин мазмуну.

1. Stellarium тиркемесин пайдаланып, төмөнкү планеталардын сабак өтүлүп жаткан айда кайсыл жылдыз тобунда кыймылда болорун жана бул кыймыл түз же кетенчиктөө кыймылы экенин аныкта:
   1. Меркурий
   2. Венера
   3. Марс
   4. Юпитер
   5. Сатурн
   6. Уран
   7. Нептун
2. Ушул планеталардын сабак өтүлүп жаткан жылдагы байкала турган конфигурацияларын Stellarium тиркемесин пайдаланып таап, андан кийин, чиймеде көрсөт (берилген жыл үчүн Астрономиялык календарды пайдаланып).
3. Ушул планеталардын орбиталдык кыймылынын орточо $\upsilon_{op}$, перигелийдик $\upsilon_q$, афелийдик $\upsilon_Q$ ылдамдыктарын эсепте, ошондой эле перигелийдик q, афелийдик Q аралыктарын эсепте.
4. Төмөнкү маселелерди чыгар:1. 402,442, 671

   2. 402, 443, 668

   3. 390, 446, 667

4. 392, 447, 666
5. 393,714, 665
6. 394, 715, 664
7. 395, 716, 663
8. 396, 712, 662

## Студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн тапшырмалар.

1. Планетеларды Жердин орбитасына салыштырмалуу (Меркурий, Венера, Жер, Марс, Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун) _________ төмөнкү планеталар жана _____________ жогорку планеталар деп бөлүп алабыз.
2. Төмөнкү планеталардын (чыгыш элонгация, төмөнтөн биригүү, батыш элонгация, жогортон биригүү, биригүү, каршы туруу, чыгыш квадратура, батыш квадратура) ____________ конфигурацияларын ирээти менен таап жаз.
3. Жогорку планеталардын (чыгыш элонгация, төмөнтөн биригүү, батыш элонгация, жогортон биригүү, биригүү, каршы туруу, чыгыш квадратура, батыш квадратура) ____________ конфигурацияларын ирээти менен таап жаз.
4. Планеталардын конфигурациялары деп __________________айтабыз.
5. __________________________________чыгыш элонгациясы деп аталат.
6. __________________________________батыш элонгациясы деп аталат.
7. __________________________________жогортон биригүү деп аталат.
8. __________________________________төмөндөн биригүү деп аталат.
9. __________________________________чыгыш квадратура да деп аталат.
10. __________________________________батыш квадратурада деп аталат.
11. __________________________________биригүүсү деп аталат.
12. __________________________________каршы туруу конфигурациясы деп аталат.
13. Планеталар бир фокусунда Күн жаткан (айлана, эллипс, сфера, ) ______орбита боюнча кыймылдашат.
14. Планеталардын алыскы зодиакалдык жылдыздарга салыштырмалуу Күндү бир жолу айланып чыгуусуна кеткен убакыт (синодикалык, сидерикалык, жылдыздык жыл) _______________мезгил деп аталат.
15. Жердин орбитасы боюнча Күндү бир айланып чыгуусуна кеткен убакыт (синодикалык, сидерикалык, жылдыздык жыл) __________деп аталат.
16. Планеталардын белгилүү бир конфигурациясынын удаалаш эки жолу байкалуусунун ортосундагы убакыт планеталардын кыймылынын (синодикалык, сидерикалык, жылдыздык жыл)____________ мезгили деп аталат.
17. Планеталардын радиус вектору бирдей убакытта бирдей (аянттарды, көлөмдөрдү, фигураларды) _________ сызышат.
18. Планеталардын Күндү айлануусунун сидерикалык мезгилдеринин (квадраттары, кубдары, төртүнчү даражасы) ___________, алардын эллиптикалык орбиталарынын (афелий аралыктарынын, перигелий аралыктарынын, чоң жарым окторунун, фокалдык аралыктарынын) __________(кубдарындай, квадраттарындай, сызыктуу закон боюнча) _________катышат.
19. Эллипстин Күнгө эң жакын ____, эң алыс чекити ____, чоң жарым огу ____, радиус вектору____, перигелийдик аралыгы____, афелийдик аралыгы ____, фокалдык аралыгы

____, перигелийдик ылдамдыгы____, афелийдик ылдамдыгынын белгиленишин төмөнкү (c, a, П, q, r, Q, $\upsilon_q$,$\upsilon_Q$, A) белгилерден таап орду-ордуна койгула.

### Контролук суроолор?

1. Кеплердин биринчи закону кантип айтылат?
2. Кеплердин экинчи законун айтып, чиймесин чийип түшүндүрүп бергиле.
3. Кеплердин үчүнчү законунун математикалык жазылышын жана анын маанисин түшүндүрүп бергиле.
4. Планеталардын конфугирациялары деген эмне?
5. Томонку планеталардын конфигурациялары кайсылар? 6. Жогорку планеталардын конфигурациялары кайсылар?

***Күндөн кийин сулуу болот Ай деген,***
***Кимдер гана суктанбаган Айга дейм.***
***Айдын дагы айтып бүткүс сыры бар,***
***Үйрөнгүлө сунуш кылам Айды мен.***

## №8. Айдын физикалык жаратылышы

*Иштин максаты*: Star Walk2 тиркемесинин жардамы менен Айдын асмандагы абалын аныктоон өздөштүрүү.
*Иштин жабдылышы*: Star Walk2 тиркемеси, астрономия боюнча эсеп китеп.

### Иштин мазмуну.

1. Айдын көрүнгөн бетинин сүрөтүнүн бурчтук жана сызыктуу масштабын аныкта, андан кийин төмөнкү обьектердин өлчөмдөрүн аныкта, ал үчүн 23-сүрөттү пайдалан:

| Вариант | Деңиз | Тоо кыркасы | Кратерлер номери |
|---|---|---|---|
| 1 | Булуттар | Кавказ | Автолик |
| 2 | Кризис | Альп | Тихо |
| 3 | Изобилие | Апеннин | Циолковский |
| 4 | Жамгыр | Алтай | Манзин |
| 5 | Булуттар | Кавказ | Альфонс |
| 6 | Чыгыш | Альп | Тихо |
| 7 | Кризис | Аппенин | Манзин |
| 8 | Жамгыр | Алтай | Циолковский |



23-сүрөт.

2. Айдын түндүк жарым шарынан жана түштүк жарым шарынан өзүң эки кратерди тандап алардын ортосундагы аралыкты аныкта.
3. Айдын бетинин бөлүгүнүн сүрөтүнүн сызыктуу масштабын аныкта 24 – сүрөттү пайдаланып аныкта.




24-сүрөт.

4. 24 – сүрөттү пайдаланып андагы сандар менен белгиленген тоолордун бийиктигин аныкта: 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8.

5. Айдын көзгө байкалган кыймылын өз алдынча байка 6. Төмөнкү маселелерди чыгар:

1. 822, 585
2. 818,599
3. 823, 601
4. 807, 602
5. 826, 637
6. 817, 655
7. 818, 671   8. 806, 672.

***Борборунда түбөлүктүү жанган от,***
***Тозок оту ошол жерде күйгөндөй.***
***Анын атын Күн деп койгон билип ал,***
***Гелий суутек, синтезделип жүргөндөй.***

## №9. Күндүн физикалык жаратылышы

*Иштин максаты*: Күндүн жаратылышын изилдөөчү жолдор менен таанышуу.
*Иштин жабдылышы*: Күндүн сүрөттөрү, протуберанецтердин сүрөттөрү, микрокалькулятор.

### Иштин мазмуну.

1. Күндүн сүрөтүнүн масштабын 26 – сүрөттөн таап, ошол сүрөттөн Вольфтун санын эсепте жана эң чоң тактын сызыктуу өлчөмүн аныкта.



26 - сүрөт 2. 27 - сүрөт боюнча

протуберанецтин ылдамдыгын эсепте (протуберанец тартылган сүрөттүн масштабын

табуну унутпа), ал үчүн эки түрдүү убакытта тартылган протуберанецтин Күндүн бетинен бийиктигин $h_1$, $h_2$ сызгыч менен өлчөп, сүрөттүн масштабын эске алып протуберанецтин ылдамдыгын эсепте:

$$\upsilon_{op} = \frac{h_1 - h_2}{T_1 - T_2}$$



7) 19 ноября, 7 час 32 мин

8) 19 ноября, 8 час 45 мин

9) 19 ноября, 9 час 03 мин

27 сүрөт.

3. Күндүн жарыктануусун $E_0$, Эйнштейндин формуласын $E = m \cdot c^2$; пайдаланып жана Күндүн химиялык составын эске алып Күндөгү суутектин энергия запасы дагы канча убакытка жетерин аныкта.

4. Телескоптун экранында Күндүн сүрөттөлүшүн алып, сабак өтүп жаткан учурда Вольфтун саны канчага барабар экенин аныкта.

*Күндү телескоптон окулярга же обөективге кара айнек каптамайынча көз менен кароо мүмкүн эместигин эсиңде тут!*

Күндүн дискасында көрүнгөн тактарды экранга жабыштырылган кагазда чебердеп белгиле жана ошол кагазда Күндүн суткалык кыймылынын багытын көрсөт. Ал үчүн телескопту кыймылсыз кармап Күндүн сүрөттөлүшү экран боюнча жылып бараткада белгилүү бир тактын абалын бир нече жолу белгиленет да, алар боюнча түз сызык сызылат. Андан кийин кагазда фотосферанын факелдик талааларынын чектери белгиленет. 5.Төмөнкү маселелерди чыгар:

1. 951, 984
2. 958, 989
3. 960, 990
4. 962, 991
5. 995, 945
6. 966, 949
7. 980, 963

8. 983,977

*Жылдыз соонун, Айсыз түнкү асманда,*
*Бири жарык, бири алсыз көрүнгөн.*
*Түзүлүшүн үйрөнсө деп жылдыздын,*
*Ушул ишим, силер үчүн бөлүнгөн.*

## №10. Жылдыздардын физикалык жаратылышы

*Иштин максаты*: жылдыздардын негизги мүнөздөмөлөрүн аныктоо жолдору менен таанышуу.

*Иштин жабдылышы*: Астрономиялык календарь, Сириус (Көкөтай) жылдызынын жана анын жандоочусунун абалын көрсөткөн сүрөт, телескоп, эсептөөчү машина.

**Иштин кыскача теориясы.** Жылдыздар жаратылышы боюнча Күнгө окшош. Түздөн түз байкоолордун жана белгилүү закон ченемдүүлүктөрдүн жардамы менен жылдыздардын жаратылышын мүнөздөөчү чоңдуктарды, б. а. жылдызга чейинки аралыкты, жылдыздын жарыктануусун, температурасын, өлчөмүн, массасын, химиялык составын, мейкиндиктеги кыймылынын ылдамдыгын ж. б. чоңдуктарды аныктап алса болот.

Жылдызга чейинки аралык жылдыздын жылдык параллаксы □, б. а. жылдыздан Жердин орбитасынын чоң жарым огу көрүнгөн бурч боюнча табылат:

$$Д = a_0/\sin □ = (a_0/(□''/206265'')) = 206265''(a_0/□'')$$

Жылдызга чейинки аралык парсек (пс), жарык жылы (ж.ж.) деген атайын узундук бирдиктери менен туюнтулат.

Жылдыздарды мүнөздөөчү чоңдуктардын бири – жылдыздын көзгө байкалган жарыктыгы m б.а. жылдыздан келген жарыкагымынын Жердеги кабыл алгычта пайда кылган жарыктанышы. Ал жылдыз чоңдугу деген бирдик менен туюнтулат. Жылдыздын көзгө байкалган жарыктыгы жылдызга чейинки аралыкка көз каранды болгондуктан жылдыздын жылдыз чоңдугу m ушул жылдыз нурланткан жалпы энергияны да, жылдыздын бетинин жарыктыгын да мүнөздөбөйт. Аларды жылдыздын абсолюттук жылдыз чоңдугу мүнөздөйт. Жылдыздын абсолюттук жылдыз чоңдугу M б.а. жылдыздын бизден 10 парсек аралыкта турганда ээ болгон жарыктыгы мүнөздөйт. Жылдыздын абсолюттук жылдыз чоңдугу жылдыздын параллаксы □, аралыгы Д жана көзгө байкалган жылдыз чоңдугу m аркылуу төмөндөгүдөй эсептелет:

$$M = m + 5 + 5 \lg □$$

$$M = m + 5 - 5 \lg Д$$

Күндүн абсолюттук жылдыз чоңдугу $M_0 = +4^m,8$.

Жылдыздын жарыктануусу L анын абсолюттук жылдыз чоңдугу боюнча төмөндөгүдөй аныкталат:

$$\lg (L/L_0) = 0,4(M_0 - M)$$

Эгерде Күндүн жарыктануусун бирге барабар деп алса, $L_o = 1$;

$$\lg L = 0,4 (M_0 - M)$$

Жарыктануу L боюнча жылдыздын чыныгы радиусун R эсептесе болот:

$$L = 4□R_2 \cdot □T_{4эф}$$

Күн үчүн $L_o = 4□R^2_o \cdot □T^4_o$

Бул эки барабардыкты бири бирине мүчөлөп бөлсө

$$R = R_o (T_0 : T)^2 \cdot \sqrt{L/L_0}$$

Ro = 1: Lo = 1: деп алып акыркы барабардыкты логарифмдесе:

$$\lg R = \frac{1}{2} \lg L + 2 \lg \frac{T^0}{T_{ЭФ}}$$

Жылдыздардын температурасы Стефан – Больцмандын формуласы боюнча жылдыздын нурланткан энергиясын спектр боюнча бөлүштүрүлүшү боюнча Виндин закону пайдаланылып табылышы мүмкүн. Мисалы, жылдыздын спектринде максималдык энергия нурланган спектралдык сызыктын толкун узундугу боюнча:

$$□_{max} = C : T$$

мында С – Виндин турактуулугу. Жылдыздын түстүк температурасы Т эсептелинет.

Жылдыздын мейкиндиктеги кыймылынын ылдамдыгы □ түздөн түз байкоолордон аныкталган жылдыздын нурдук ылдамдыгы $□_r$ жана тангенциалдык ылдамдыгы $□_□$ боюнча эсептелинет:

$$□ = \sqrt{□_{r2} □□_{□2}}$$

Жылдыздын ылдамдыгын көрүү нуру менен түзгөн бурч □ белгилүү болсо:

$$□_r = □ \cdot \cos□; \quad □_□ = □ \cdot \sin□$$

Жылдыздардын негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири – анын массасы. Жылдыздардын массасын кош жылдыз системасын пайдаланып Кеплердин толукталган 3 – законунан тапса болот:

$$m_1 + m_2 = A^3 : P^2 = a^3 : (\square^3 \cdot P^3)$$

мында, A – жандоочу жылдыздын орбитасынын чоң жарым могу,

□ - Жерден A көрүнгөн бурч, б.а. жандоочу жылдыздын орбитасынын көзгө байкалган чоң жарым огу, P – жандоочу жылдыздын орбита боюнча айлануу мезгили, ал жылдыздын абалынын кайталануусу боюнча аныкталат. Формулада жылдыздардын массалары күн массалары менен, а P жыл менен, A астрономиялык бирдик менен туюнтулат; $m_1$, $m_2$ – системага кирген эки жылдыздын массалары.

Эгерде кош жылдыз системасына кирген эки жылдыздын ошол системанын масса борборуна чейинки орточо аралыктары $A_1$ жана $A_2$ белгилүү болсо бул эки жылдыздын массаларынын катышы тапса:

$$m_1 : m_2 = A_2 : A_1$$

Бул аралыктардын катышы жылдыздардын белгилүү бир убакыттарда системанын масса борборуна чейинки аралыктары $r_1$, $r_2$ нин катыштары боюнча эсептелинсе болот:

$$\frac{A_2}{A_1} \square \frac{r_1}{r_2}$$

Жылдыздардын массаларынын суммасы жана катышы боюнча система түзүп кош жылдыз системасындагы жылдыздардын массаларын өз өзүнчө тапса болот. Жылдыздардын табылган массалары күн массасы менен туюнтулуп чыгат.

## Иштин мазмуну.

1. 28 – сүрөттү пайдаланып Сириустун жана анын жандоочусунун көзгө байкалган абалдары боюнча ушул жылдыздардын массаларын аныкта.




28 - сөрөт

2. Ушул жылдыздардын аралыгын, жарыктануусун, температурасын аныкта жана алардын «Спектр – Жарыктаныш» диаграммадагы абалын көрсөт.
3. Төмөнкү маселелерди чыгар:

1. 994, 1005, 1026
2. 995, 1006, 1028

3. 996, 1007, 1030
4. 997, 1008, 1031
5. 1000, 999, 1042
6. 1001, 993, 1055
7. 1002, 998, 1063
8. 1004, 992, 1064

**Астрономияны санариптик жол менен окутуу предмети боюнча тест суроолор.**

**1. Stellarium деген эмне?**

а) Жылдыздар картасы

б) Виртуалдык планетарий программасы

в) Астрономия боюнча окуу китеби 2. Stellariumдун негизги максаты эмне?

а) Айдын бетин моделдөө

б) Топ жылдыздарды жана асман объектилерин изилдөө

в) Космос симуляторлорун түзүү

3. Кайсы режим асманды реалдуу убакытта көрүүгө мүмкүндүк берет?

а) Синхрондоштуруу режими

б) Реалдуу убакыт

в) Убакыт тилкеси

4. Stellariumда кандай объектилер көрсөтүлөт?

а) Жылдыздар жана планеталар гана

б) Жылдыздар, планеталар, астероиддер, кометалар, тумандуулуктар жана галактикалар

в) Тумандуулуктар жана галактикалар

5. Ар кандай ландшафттарды жана горизонтторду тандоо менен асмандын көрүнүшүн ыңгайлаштыра аламбы?

а) Ооба, көптөгөн ландшафттар жана горизонттор бар

б) Жок, интерфейс бекитилген

в) Фонду тандоо түнкүсүн гана жеткиликтүү

6. Күн тутулууларын жана башка сейрек кездешүүчү кубулуштарды байкоого болобу?

а) Ооба, мындай окуяларды симуляциялоого болот

б) Жок, бул функция жеткиликтүү эмес

в) Байкоого болот, бирок алдын ала айтууга болбойт

7. Байкоо үчүн объектини тез тандоого мүмкүндүк берген менюнун аталышы кандай? а) Издөө тилкеси

б) Сүйүктүү объектилердин тизмеси

в) Объект тандоо чыпкалары

8. Колдонуучу убакыттын ылдамдыгын өзгөртө алабы?

а) Ооба, убакытты тездетүүгө же жайлатууга болот

б) Убакыт реалдуу убакытта гана иштейт

в) Бул функция адистер үчүн гана жеткиликтүү

9. Stellarium телескопторду колдойбу?

а) Ооба, ал көптөгөн телескоп моделдерине туташууну колдойт

б) Жок, бул жабдуу менен иштөө мүмкүн эмес

в) Бир гана телескоп түрү менен иштөөгө болот

10. Stellariumду иштетүү үчүн Windows операциялык системасынын минималдуу версиясы кандай болушу керек?

а) Windows XP SP2

б) Windows Vista

в) Windows 7

Туура жооптор:

1. b 2.

b 3. b

4. b

5. a

6.

a

7.

a

8.

a

9. a

10. a

**1. Star Walk 2 деген эмне?**

a) Астрономия журналы

b) Шаарды багыттоо колдонмосу

c) Жылдыздуу асманды изилдөө үчүн планетарий колдонмосу

d) Кенч издөө оюну

2. Star Walk 2 колдонуучуларга кандай функцияларды сунуштайт?

a) Аба ырайынын божомолу

b) Күндүн, Айдын жана планеталардын абалын көзөмөлдөө

c) Онлайн тамак-аш заказ кылуу

d) Жогорудагылардын баары туура

3. Асман телолорунун башындагы абалын аныктоого жардам берген негизги курал кайсы? a) Телефон камерасы

b) Автоунаанын GPSи

c) Микроскоп

d) Компастуу саат

4. Колдонмону белгилүү бир топ жылдыздын тарыхын изилдөө үчүн колдонсом болобу?

a) Ооба, ар бир топ жылдыздын сүрөттөмөсүндө тарыхый маалымат камтылган.

b) Жок, колдонмо заманбап байкоолор үчүн гана арналган.

c) Бул акы төлөнүүчү жазылууну талап кылат.

d) Бул интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү менен да мүмкүн эмес.

5. Star Walk 2 орус тилин колдойбу?

а) Ооба, орус тилине толук котормо колдоого алынат

б) Айрым интерфейс элементтери жарым-жартылай колдоого алынат

в) Колдонмонун интерфейси англис тилинде гана жеткиликтүү

г) Колдонуучу ар бир колдонуудан мурун каалаган тилин кол менен тандайт

6. Star Walk 2де астрономиялык окуялардын орнотулган календары барбы?

а) Ооба, маанилүү кубулуштардын даталары көрсөтүлгөн атайын календарь бар

б) Жок, иш-чаралардын графигин өзүңүз издешиңиз керек

в) Календарь бар, бирок катталган колдонуучулар үчүн гана

г) Календарь бар, бирок ал туура иштебейт

7. Колдонмо реалдуу убакыттагы асман картасын көрсөтө алабы?

а) Ооба, колдонмо бардык асман объектилеринин так жайгашкан жерин реалдуу убакытта көрсөтөт

б) Ал статикалык асман картасын гана көрсөтөт

в) Кошумча карталарды өзүнчө жүктөп алуу керек

г) Бул функция колдонмодо жок

8. Байкоолорду түздөн-түз колдонмодо жаздырууга болобу?

а) Ооба, сиз жазууларды түзүп, скриншотторду сактай аласыз

б) Байкоолорду үн билдирүүлөрү аркылуу гана жаздырууга болот

в) Өз байкоолоруңузду жаздыруу үчүн курал жок

г) Бул функция премиум версиясы менен гана иштетилет 9.
Колдонмодо Жердин айлануу ылдамдыгын өзгөртө аламбы?

а) Ооба, асмандагы өзгөрүүлөрдү байкоо үчүн Жердин айлануусун тездетип жана жайлата алам

б) Айлануу ылдамдыгы туруктуу жана аны өзгөртүүгө болбойт

в) Жөндөөлөрдү өзгөртүү үчүн колдонмодон чыгып, аны кайра киргизишиңиз керек

г) Айлануу ылдамдашы активдүү интернет байланышы менен гана иштейт

10. Колдонмо бекер жеткиликтүүбү?

а) Акысыз версиясы айрым функциялар менен чектелген

б) Эч кандай чектөөлөрсүз толугу менен бекер колдонууга болот

в) Жүктөп алгандан кийин дароо акы төлөнүүчү жазылуу талап кылынат

г) Баасы ар бир аймак үчүн өзүнчө белгиленет Туура
жооптор

1. c
2. b
3. a 4. a 5. a 6. a 7. a 8. a
9. a
10. A

**Sky Tonight деген эмне?**

а) Космос тарыхы боюнча лекциялары бар аудио программа

б) Илимий фантастика күйөрмандары үчүн оюн аянтчасы

в) Смартфондор жана планшеттер үчүн планетарий тиркемеси

г) Обсерваторияны брондоо кызматы
2. Sky Tonight аркылуу кандай объектилерди изилдөөгө болот?
а) Күн системасынын жылдыздары жана планеталары гана
б) Белгилүү бир метеордук агымдар жана Жердин айлары
в) Терең асман объектилери (галактикалар, тумандуулуктар, кластерлер)
г) Ар кандай жеткиликтүү асман телолору жана космостук кубулуштар 3.
Sky Tonight программасындагы AR функциясы эмне үчүн колдонулат?
а) Түзмөктүн горизонтко карата так абалын аныктайт
б) Космостун реалдуу сүрөттөрүн көрсөтөт
в) Смартфон камерасы аркылуу топ жылдыздарды жана асман объектилерин проекциялайт
г) Кызматташуу үчүн алыскы обсерваториялар менен байланышат
4. Sky Tonight программасында тандалган объектилердин толук сүрөттөмөсүн ала аламбы?
а) Ооба, тиркеме бардык объектилер жөнүндө толук маалымат берет
б) Сүрөттөмө аталышы жана негизги мүнөздөмөлөрү менен чектелген
в) Колдонмонун акы төлөнүүчү версиясында гана жеткиликтүү
г) Маалымат блоктору туруктуу тармактык байланыш менен гана жаңыртылат 5.
Sky Tonight орус интерфейс тилин колдойбу?
а) Ооба, орус локализациясы толугу менен которулган
б) Интерфейс англис тилинде гана жеткиликтүү
в) Интерфейс тили телефондун жөндөөлөрүнө жараша автоматтык түрдө тандалат
г) Орус локализациясын жөндөөлөрдө кошумча иштетүүгө болот 6.
Колдонмодо кеңештер жана окуу куралдары барбы?
а) Ооба, интерактивдүү колдонмо жана окуу куралы видеолору бар
б) Жок, аны өзүңүз чечишиңиз керек болот
в) Окуу куралы системасы тиркеменин премиум версиясында гана камтылган
г) Навигация интуитивдик, бирок көрсөтмөлөр жок
7. Асман объектилеринин жайгашкан жеринин скриншотун алууга болобу?
а) Ооба, сиз сүйүктүү асман сүрөтүңүздү сактай аласыз.
б) Скриншоттор тиркеменин бир дагы версиясында колдоого алынбайт.
в) Сүрөттөр жарым саат сайын автоматтык түрдө сакталат.
г) Скриншотторду активдүү интернет байланышы менен гана тартууга болот.
8. Sky Tonight Android жана iOS түзмөктөрүн колдойбу?
а) Ооба, тиркеме эки платформага тең шайкеш келет.
б) Apple түзмөктөрүндө гана иштейт.
в) Android смартфондорунда гана колдоого алынат.
г) Samsung планшеттери менен гана шайкеш келет.
9. Түзмөгүңүздү "телескоптук телефон" катары колдонуп, топ жылдыздарды көрө аласызбы?
а) Ооба, түзмөктүн камерасы топ жылдыздарды визуалдаштыруу үчүн курал катары кызмат кылат.
б) Түзмөк топ жылдыздардын картасы катары гана колдонулат.
в) Телефондор кошумча түзмөктөрдү башкаруу үчүн гана керек.
г) Бул функция атайын жабдууларга туташканда гана жеткиликтүү.
10. Sky Tonight тиркемеси бекер жеткиликтүүбү?
а) Жарнамалары бар толугу менен бекер версиясы
б) Негизги функциялар бекер, бирок толук версиясы сатып алууну талап кылат

в) Ай сайын жазылуу менен гана жеткиликтүү

г) Тиркемени акы төлөп гана жүктөп алууга болотПравильные ответы Туура жооптор:

1. c
2. d
3. c
4. a
5. a
6. a
7. a
8. a
9. a
10. b